# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

# ТОКТОМ

2022-жылдын 30-марты № 181

**Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлоонүн шарттары жөнүндө**

Иштин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу, билим берүү уюмдарынын кызматкерлери үчүн материалдык дем берүү жана шарттарды түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) 7040 сом өлчөмүндөгү минималдуу базалык ставка Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын уюмдарынын кызматкерлеринин тарифтик ставкасын (маянасын) жана эмгек акысынын ставкаларын эсептөө үчүн негиз болуп эсептелери;

2) Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын уюмдарынын кызматкерлеринин тарифтик ставкасы (маянасы) жана эмгек акысынын ставкасы минималдуу базалык ставканын өлчөмүн (7040 сом) кызматтык маяналарга жана ставкаларга карата эселөө коэффициентине көбөйтүү жолу менен эсептелери.

2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) билим берүү системасынын кызматкерлеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) жана ставкаларына карата эселөө коэффициенттери 1-18-тиркемелерге ылайык;

2) билим берүү системасында иштеген техникалык тейлөөчү персоналдын тарифтик ставкаларына (маяналарына) карата эселөө коэффициенттери, 19-тиркемеге ылайык;

3) билим берүү системасында иштеген кенже тейлоөчү персоналдын тарифтик ставкаларына (маяналарына) карата эселөө коэффициенттери, 20-тиркемеге ылайык;

4)Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобо 21 -тиркемеге ылайык.

3. Атайын эсептин каражаттарынын эсебинсн каржылануучу билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

Кызматтык маяналарга жана ставкаларга карата эселөө коэффициенттери жана саатына жараша эмгек акы төлөөнүн өлчөмдөрү бюджеттик эсептин каражаттарынын эсебинен каржылануучу билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин

тиешелүү кызмат орду боюнча кызматтык маяналарына, ставкаларына жана саатына жараша эмгек акы төлөөнүн өлчөмдөрүнө карата эселөө коэффициенттеринен төмөн болбоого тийиш.

4. Педагогикалык иштин стажы, окумуштуулук даражасы, ардак наамдары, бийик тоолуу жана алыскы шарттарда иштегендиги, квалификациялык категориясы, ошондой эле иштин өзгөчө шарттары үчүн кошумча төлөөлөр жана үстөк акылар Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

5. Тиешелүү предметтер боюнча мугалимдер жана окутуучулар болбогон учурда толук ставкада иштеген жетекчилерге төмөнкүдөй окутуучулук ишти жүргүзүүгө уруксат берилсин:

1) мектепке чейинки билим берүү уюмдарында - жумасына 18 сааттан ашык эмес;

2) жалпы билим берүү уюмдарында, баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарында, балдар үйлөрүндө - 5-11-класстарда - жумасына 9 сааттан ашык эмес, 1-4-класстарда - жумасына 8 сааттан ашык эмес;

3) мектептен тышкары уюмдарда - жумасына 10 сааттан ашык эмес;

4) орто кесиптик билим берүү уюмдарында - окуу жылында 360 сааттан ашык эмес;

5) жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында - тиешелүү кызмат орду боюнча кызмаггык маянасынын 0,5 ставкасынан ашык эмес;

6) маданият жана искусство жаатындагы балдар мсктептеринде -жумасына 9 саттан ашык эмес.

Жалпы билим берүү уюмдарында 0,75, 0,5 жана 0,25 ставкада иштеген директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарларына, балдар менен класстан тышкары жана мсктептен тышкары иштерди уюштуруучуларга 5-11-класстарга тиешелүү түрдо жумасына 14, 18 жана 23 сааттан ашык эмес жүргүзүүгө уруксат берилсин.

6. Жалпы билим берүү уюмдарынын социалдык педагогдоруна жана лаборанттарына төмөнкүлөргө уруксат берилсин:

- мугалимдер жана окутуучулар болбогон учурда тиешелүү предметтер боюнча жумасына 9 сааттан ашык эмес окутуучулук ишти жүргүзүүгө;

- 0,75, 0,5 жана 0,25 ставкаларда иштегсндерге 5-11-класстарга тиешелүү түрдө 14, 18 жана 23 сааттан ашык эмес жүргүзүүгө.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-январындагы № 30 "Бюджеттик каржылоодогу мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда окуу сабактарын өткөрүүгө тартылган кызматкерлердин эмгек акысын төлөөнүн шарттарын жана эмгек акыны саатына төлөөнүн ставкаларын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде: 7-пунктундагы "саатына 200 сом, кийимчен позада тургандыгы үчүн саатына 100 сом" деген сөздөр "саатына 360 сом, жарым кийимчен позада тургандыгы үчүн - 270 сом, кийимчен позада тургандыгы үчүн саатына 180 сом" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 22-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдой озгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) борбордоштурулган бухгалтерияларынын типтүү штаттарында:

3-пункту "Бухгалтер" деген сөздөн кийин "(эки же андан көп бухгалтер болгон учурда, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча адистин милдеттери бир бухгалтерге жүктөлөт)" деген сөздөр менен толуктальсын.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 12 жана 14-тиркемелери ушул токтомдун 23 жана 24-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 5-октябрындагы № 648 "Жалпы билим берүүчү уюмдардын мугалимдерине квалификациялык категориясы үчүн кошумча төлөмдөр жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктундагы "2000", "1500" жана "1000" деген цифралар "5000", "3000" жана "2000" деген цифралар менен алмаштырылсын;

- 4-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

11. Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору 2022-2023-окуу жылы башталганга чейин 2021-жылдын 1-сентябрына карата белгиленген билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери үчүн жүктөмдордү сактасын.

12. Ушул токтомдун колдонулушу мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарга жана мекемелерге жайылтылат деп белгиленсин.

13. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

- 2022-жылга республикалык бюджетте билим берүү системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын көбөйтүүгө кошумча ассигнованиелерди карасын;

- "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджетти жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгортүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеи чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

14. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 270 "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтому;
2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23- августундагы № 489 "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө" токтому;
3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 24- июнундагы № 373 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүүчү уюмдардын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарына тиешелүү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;
4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-декабрындагы № 720 "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарына тиешелүү Кыргыз Республикасыиьш Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;
5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-июлундагы № 473 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;
6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10- июлундагы № 480 "Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлорду киргизүү жөнүндө" токтому;
7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 11- сентябрындагы № 628 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" токтому;
8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-октябрындагы № 711 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;
9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-апрелиндеги № 216 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;
10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-ноябрындагы № 612 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун 5-пункту;
11) Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн 2018-жылдын 6-апрелиндеги № 190 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 270 "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жонүндө" токтому;
12) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-майындагы № 234 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү чөйрөсүндогү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;
13) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-ноябрындагы № 538 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 489 "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

14) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-майындагы № 204 "Башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарын регламеттөөчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;
15) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;
16) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-декабрындагы № 649 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;
17) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 26-апрелиндеги № 172 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2, 3-пункттары.

15. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитети жана административдик ведомстволору ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

16. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

17. Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2022-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.У.Жапаров**

1-тиркеме

**Жалпы билим берүү уюмдарынын (мектептер жана бардык типтеги жана аталы штаты мектеп-интернаттар), баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын жалпы билим берүү дисциплиналарынын мугалимдеринин, маданият жана искусство жаатындагы балдар мектептеринин окутуучуларынын ставкаларына эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Мугалимдин, окутуучунун ставкасына эселөө коэффициенти, билимине жараша: | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы орто билим | Орто кесиптик билим | жогорку билим | |
| | | | | бакалавр квалификациясын ыйгаруу менен | адис/магистр квалификациясын ыйгаруу менен |
| 1 | 1-4-класстардын мугалимдери, | 1,525 | 2,177 | 2,451 | 2,722 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | окутуучулары | | | | |
| 2 | 5-11- класстарынын жана баштанкы кесиптик билим берүү уюмдарынын жалпы билим берүү дисципл иналарын ын мугалимдери, окутуучулары | 1,271 | 1,814 | 2,042 | 2,268 |
| 3 | Информатика, математика. физика, химия жана биология боюнча 5-11 - класстарынын жана баштанкы кесинтик билим берүү уюмдарынын жалпы билим берүү дисциплиналарын ын мугалимдери | 1,525 | 2,177 | 2,451 | 2,722 |

Эскертүү:

1. Балдар үйлөрүндөгү жана атайын мектеп-интернаттардагы мугалимдердин, баштаикы кесиптик билим берүү уюмдарынын адистештирилген (реабилитациялык) топторундагы окутуучулардын ставкасына эселөө коэффициента тиешелүү билим деңгээлине ээ болгон мугалимдин ставкасына эселөе коэффициентинен 25 пайызга жогору белгиленет.

2. Жалпы билим берүү уюмдарынын окуу китептери (колдонмолору) апробацияланып жаткан класстарда сабак берген мугалимдин ставкасына эселөө коэффициента тиешелүү билим децгээлине ээ болгон мугалимдин эселөө коэффициентинен 100 %га жогору белгиленет, бул эреже дептсрлерди текшерүү боюнча да колдонулат.

3. Кол жазмаларды жана даяр окуу китептерин бекитүүгө жана тираждоого чейин экспертиза жүргүзүү үчүн тартылуучу эксперттердин эмгегине саатына акы төлоонүн өлчөмү 351 сом өлчомүндө белгиленет.

2-тиркеме

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-ннтернаттарынын жана балдар үйлөрүнүн, балдарды реабилитациялоо, өнүктүрүү жана үй-бүлөнү колдоо боюнча адистештирилген борборлордун тарбиячыларынын ставкаларына эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тарбиячынын ставкасына эселоо коэффициенти, билиминс жараша: | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы орто билим | орто кесиптик билим | жогорку билим | |
| | | | | бакалавр квалификация сын ыйгаруу менен | адис/магистр к циясын ыйгару |
| 1 | Мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы | 2,027 | 2,896 | 3,166 | 3,437 |
| 2 | Бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернатгарынын жана балдар үйлорүнүн, балдарды реабилитациялоо, өнүктүрүү жана үй-бүлонү колдоо боюнча адистештирилген борборлордун тарбиячылары | 1,448 | 2,069 | 2,288 | 2,449 |

Эскертүү:

1. Балдар үйлөрүндогү жана атайын мектеп-интсрнаттарындагы тарбиячылардын ставкасына эселоо коэффициенти тиешелүү билим децгээлине ээ болгон тарбиячынын ставкасына эселоо коэффициентинен 25 пайызга жогору белгиленет.

2. Мектепке чейинки билим бсрүү уюмунун, балдар үйлөрүнүн жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаггарынын улук тарбиячысынын ставкасына эселоо коэффициенти тиешелүү билим децгээлине ээ болгон улук тарбиячынын ставкасына эселоо коэффициентинен 10 пайызга жогору белгиленет.

3-тиркеме

**Мектептен тышкаркы билим берүү уюмдармндагы ийримдердин окутуучуларынын ставкаларына эселөө коэффициент**

| № | Кызмат орундун аталышы | Окутуучунун ставкасына эселөө коэффициента, билимине жараша: | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы орто билим | орто кесиптик билим | жогорку билим | |
| | | | | бакалавр квалификация сын ыйгаруу менен | адис/магистр квалифи ыйгаруу менен |
| 1 | Ийримдин окутуучусу | 1,746 | 2,493 | 2,743 | 2,992 |

Эскертүү:

"Алтын түйүн" республикалык балдар инженердик-техникалык академиясындагы ийримдердин окутуучуларынын ставкасынын өлчөмүнө эселөө коэффициенти тиешелүү билим деңгээлине ээ болгон окутуучунун ставкасына эселөө коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет.

4-тиркеме

**Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын ставкаларына эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Окутуучунун ставкасына эселоо коэффициенти, билимине жараша: | | |
|---|---|---|---|---|
| | | орто кесиптик билим | жогорку билим | |
| | | | бакалавр квалификациясын ыйгаруу менен | адис/магистр квалифи ыйгаруу менен |
| 1 | Окутуучу | 1,662 | 1,829 | 1,995 |

Эскертүү:

-Ч. Базарбаев атындагы Бишкек хореографиялык окуу жайынын, М. Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, С.А. Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик сүрөт окуу жайынын, Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, академик Т. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын улуттук сүрөт

академиясынын алдындагы Сүрот колледжинин окутуучусунун ставкасына эселоо коэффициенти тиешелүү билим деңгээлине ээ болгон окутуучунун ставкасына эселоо коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет;

- Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын алдындагы театралдык окуу жайынын, Каракол шаарынын Ы. Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, Жалал-Абад маданият техникумунун, Республикалык маданият колледжинин окутуучусунун ставкасына эселөө коэффициенти тиешелүү билим деңгээлине ээ болгон окутуучунун ставкасына эселөө коэффициентинен 50 пайызга жогору белгиленет.

5-тиркеме

**Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын өндүрүш түк окутуу устаттарынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Устаттын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти, билимине жараша: | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | баштапкы кесиптик билим | орто кесиптик билим | жогорку билим | |
| | | | | бакалавр квалификациясын ыйгаруу менен | адис/магистр квалификациясын ыйгаруу менен |
| 1 | Өндүрүштүк окутуу устаты | 2,144 | 2,244 | 2,394 | 2,743 |

Эскертүү:

1. Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын ондүрүштүк окутуу устаттарынын тарифтик ставкалары (маяналары) жумасына 40 сааттык иш үчүн белгиленет.
2. Ондүрүштүк окутуу мезгилинде окуу топторунун толукталышы 12-15 адам санында белгиленет.
3. Адистештирилген реабилитациялык топтордо (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар, кароосуз калган балдар) жана түзотүү мекемелериндеги балдар менен иштоодо ондүрүштүк окутуу устаттарынын тарифтик ставкалары (маяналары) 6 адамдан кем эмес толукталган окуу топторундагы иш үчүн белгиленет.
4. Адистештирилген реабилитациялык топтордо иштеген ондүрүштүк окутуу устаттарынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселоо коэффициенти тиешелүү билим децгээлине ээ болгон ондүрүштүк окутуу устатынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициентинен 25 пайызга жогору белгиленет.

6-тиркеме

**Жогорку кесиптик, кошумча кесиптик билим бсрүү уюмдарынын профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик ставкасына (маинасына) эселоо коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициенти | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окумуштуулук даражасы жок | окумуштуулук даражасы бар | |
| | | | илимдин кандидаты | илимдин доктору |
| 1 | Профессор | 1,790 | 1,918 | 2,046 |
| 2 | Доцент | 1,662 | 1,790 | 1,918 |
| 3 | Улук окутуучу | 1,534 | 1,662 | 1,790 |
| 4 | Окутуучу, ассистент | 1,407 | 1,534 | 1,662 |
| 5 | Ассистент-стажер | 1,279 | * | * |

Эскертүү:

1. Факультеттин деканынын, факультеттин деканынын орун басарынын жана кафедра башчысынын милдеттерин аткаруу үчүн айына тиешелүү түрдо 1440, 1080 жана 900 сом олчомүндо кошумча акы белгиленет.

2. Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетииин, СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекетгик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун жана анын Түштүк филиалынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун профессордук-окутуучулук курамынын, концертмейстерлеринин жана иллюстраторлорунун тарифтик ставкаларынын (маянасынын) өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти тиешелүү окумуштуулук даражасына жана окумуштуулук наамына ээ болгон профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициентинен 80 пайызга, К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясында - 140 пайызга, академик Т. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрот академиясында -200 пайызга жогору белгиленет.

И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын, СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун жана анын Түштүк филиалынын, клиникалык иштерди жүргүзүүчү жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын медициналык факультеттеринин профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти тиешелүү окумуштуулук даражасына жана окумуштуулук иаамына ээ болгон профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициентинен 25 пайызга жогору белгиленет.

3. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын жана СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун жана анын Түштүк филиалынын, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын медициналык факультеттеринин орто медициналык билими бар ассистент-стажерлорунун, окутуучуларынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти 1,407 олчомүндө белгиленет.

7-тиркеме

**Мектепке чейинки билим берүү уюмунун днректорунун тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Балдардын саны боюнча мектепке чейинки билим берүү уюмдары | Тарифтик ставкага (маянага)эселөө коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| Директор | | |
| 1 | 100го чейин | 1,662 |
| 2 | 100дөн 200гө чейин | 1,829 |
| 3 | 200дөн 300гө чейин | 1,995 |
| 4 | 300дөн жогору | 2,161 |

8-тиркеме

**Жалпы билим берүү уюмдарынын (бардык типтеги жана аталыштагы мектептердин жана мектеп-ннтернаттардын, балдар үйлорүнүн), балдарды реабилитациилоо, өнүктүрүү жана үй-бүлөнү колдоо боюнча адистештирилген борборлордун, маданият жана искусство тармагындагы балдар мектептеринин жетекчилериннн тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти**

| № | Окуучулардын (тарбияланууучулардын) саны боюнча жалпы билим берүү уюмдары, балдарды реабилитациялоо, онүктүрүү жана үй-бүлонү колдоо боюнча адистештирилген борборлор | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, бир айга | | |
|---|---|---|---|---|
| | | директор | директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары | директордун башка орун басарлары, балдар менен класстан тышкаркыжана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруучу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 100гө чейин | 1,662 | 1,496 | 1,413 |
| 2 | 100дөн 600гө чейин | 1,895 | 1,706 | 1,611 |
| 3 | 600дөн 1200гө чейин | 2,128 | 1,915 | 1,808 |
| 4 | 1200дөн 1800гө чейин | 2,360 | 2,124 | 2.006 |
| 5 | 1800дөн жогору | 2,593 | 2,334 2,204 | |

Эскртүү:

1. Тарифтик ставканы (маянаны) аныктоодо бюджеттик каражатгардын эсебинен окуган окуучулардын (тарбиялануучулардын) контингснти эсепке алынат.

2. Бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттарда, балдарды реабилитациялоо, өнүктүрүү жана үй-бүлөнү колдоо боюнча адистештирилген борборлордо келип окуган окуучулардын контингента 0,5 коэффициенти менен эсепке алынат.

3. Балдар үйлорүнүн, атайын мектептердин жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттардын директорлорунун, директордун орун басарларынын, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы ишти уюштуруучуларынын тарифтик ставкаларына (маянасына) эселөө коэффициенти тиешелүү жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорунун, директордун орун басарларынын, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы ишти

уюштуруучуларынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенттеринсн 25 пайызга жогору белгиленет.

4. Маданият жана искусство жаатындагы балдар мектептеринин жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселое коэффициента!! аныктоодо окуган балдардын контингенти 10 коэффициенти менен эсепке алынат.

9-тиркеме

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициент**

| № | Окуучулардын саны боюнча мектсптен тышкаркы билим бсрүү уюмдары | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициента, айына | | |
|---|---|---|---|---|
| | | директор | дирсктордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары | директордун башка орун басарлары |
| 1 | 210дөн 420га чейин | 1,662 | 1,496 | 1,413 |
| 2 | 420дан 900гө чейин | 1,829 | 1,646 | 1,554 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | 900дөн 1380ге чейин | 1.995 | 1,795 | 1.696 |
| 4 | 1380ден жогору | 2,161 | 1.945 | 1,837 |

Эскертүү:

1. Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициентин аныктоодо бюджеттик каражаттын эсебинен окуган балдардын контингенти эсепке алынат.

2. "Алтын түйүн" республикалык балдар инженердик-техникалык академиясынын жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти тиешелүү билим деңгээлине ээ болгон жетекчинин тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет.

10-тиркеме

**Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчнлеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти**

| № | Окутуучулардын саны боюнча баштапкы кесиптик билим берүү уюмдары | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, айына | |
|---|---|---|---|
| | | Директор | Дирсктордун орун басары |
| 1 | 250гө чейин | 1,829 | 1,662 |
| 2 | 250дөн 450гө чейин | 1,995 | 1,829 |
| 3 | 450дөн жогору | 2,161 | 1,995 |

Эскертүү:

1. Жетекчилердин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселоо коэффициентин аныктоодо бюджеттик каражаттын эсебинен окуган балдардын контингенти эсепке алынат.

2. Жалпы орто жана кесиптик билим берүүнүн иитеграцияланган программаларын ишке ашыруучу баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын директорлорунун, дирсторлордун орун басарларынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселоо коэффициенти баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын директорлорунун жана дирсторлордун орун басарларынын тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициентинен 10 пайызга жогору белгиленет.

11 -тиркеме

**Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселоо коэффициенти**

| № | Студенттердин саны боюнча орто кесиптик билим берүү уюмдары | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, бир айга | | |
|---|---|---|---|---|
| | | директор | директордун окуу иштери боюнча орун басары | директордун башка орун басарлары |
| 1 | 280ге чейин | 1,524 | 1,371 | 1,295 |
| 2 | 280ден 640ка чейин | 1,801 | 1,621 | 1,531 |
| 3 | 640тан 1000ге чейин | 2,078 | 1,870 | 1,766 |
| 4 | 1000 ден жогору | 2,355 | 2,119 | 2.002 |

Эскертүү:

1. Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициентин аныктоодо бюджеттик каражаттын эсебинен окуган студентгердин контингента эсепке алынат.

2. Маданият жана искусство орто кесиптик билим берүү уюмдарында алардын жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициентин аныктоодо студентгердин контингента 5 коэффициенти менен эсепке алынат.

3. Төмөнкү жетекчилердин маяналарынын олчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу тарифтик ставкага (кызматтык маянага) эселөө коэффициенти:

- Ч. Базарбаев атындагы Бишкек хореографиялык окуу жайынын, М. Күроцкеев атындагы Кыргыз мамлекетгик музыкалык окуу жайынын, СЛ. Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик сүрөт окуу жайынын, Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, академик Т. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрөт академиясынын алдындагы Сүрөт колледжинин жетекчилеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет;

- Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук акадмиялык драма театрынын алдындагы Театралдык окуу жайынын, Каракол шаарындагы Ы. Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын, Жалал-Абад маданият техникумунун, Республикалык маданият колледжинин жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселоо коэффициентинен 50 пайызга жогору белгиленет.

12-тиркеме

**Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маянасына) эселоо коэффициент**

| № | Студентгердин саны боюнча | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, айына |
|---|---|---|

| | кесиптик билим берүү уюмдары | ректор | окуу иштери боюнча проректор | башка проректорлор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 280ге чейин | 1,385 | 1,247 | 1,178 |
| 2 | 280ден 640ка чейин | 1,598 | 1,439 | 1,359 |
| 3 | 640тан 1000ге чейин | 1,811 | 1,630 | 1,540 |
| 4 | 1000ден жогору | 2,025 | 1,822 | 1,721 |

Эскертүү:

1. Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициентин аныктоодо бюджеттик каражаттын эсебинен окуган студентгердин жана асниранттардын контингента эсепке алынат.

2. Маданият жана искусство жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында алардын жетекчилеринин кызматтык маяналарына эселоо коэффициентин аныктоодо студентгердин жана аспиранттардын контингента 5 коэффициенти менен эсепке алынат.

3. Томөнкү жетекчилердин тарифтик ставкаларынын (маяналарынын) өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти: Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин жетекчилеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициентинен 80 пайызга жогору; К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясында - 140 пайызга жогору; академик Т. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрөт академиясында - 200 пайызга жогору белгиленет.

13-тиркеме

**Кыргыз билим берүү академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана нлнм министрлигинин алдындагы Ресиубликалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы "Окуу китеби" республикалык илимий-практикалык борборунун, СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун жана анын Түштүк филиалынын, облустук билим берүү институттарынын, облустук окуу-методикалык билим берүү борборлорунун, мугалимдерди өркүндөтүү облустук институтунун жетекчилеринин тарифтик ставкаларына (маяналарына) эселөө коэффициенти**

| № | Уюмдардын аталыштары | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, айына |
|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | президент, ректор, директор | вице-президент,окуу жана дарылоо иштери боюнча проректор, илим жана мамлекеттик тил боюнча проректор, директордун окуу иштери боюнча орун басары | президенттин, проректордун, директордун финансы-чарбалык иштери боюнча орун басары |
| 1 | Кыргыз билим берүү академиясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин<br>Алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин алдындагы "Окуу | 3,740 | 3,366 | 3,179 |
| | китеби"республикалык илимий-практикалык борбору,СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту | | | |
| 2 | СБ. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун Түштүк филиалы | 2,992 | 2,693 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Облустук билим берүү институттары, облустук окуу-мстодикалык билим берүү борборлору, мугалимдерди өркүндөтүү облустук институту | 1,801 | 1,621 | 1,531 |

14-тиркеме

**Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин айрым категорияларынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Билим берүү уюмдарынын, кызмат орундун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| | Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдар | |
| 1. | Дефектолог, логопед, сурдопедагог | 2.493 |
| 2. | Психолог, психиатр, сурдолог, музыкалык кызматкер, методист | 1,995 |
| 3. | Бухгалтер | 1,895 |
| 4. | Лаборант, ашпозчу, медициналык айым | 1,795 |
| 5. | Тарбиячынын жардамчысы, санитарка-няня | 1,611 |
| | Жалпы билим берүү уюмдары (бардык типтеги жана аталыштагы мектептер жана мектеп-интернаттар, балдар үйлөрү), адистештирилген реабилитациялоо, балдарды өнүктүрүү жана үй-бүлөнү колдоо борборлору, маданият жана искусство балдар мектептери | |
| 6. | Башкы бухгалтер, мектептеги окуучулардын контингенти: | |
| | 100го чейин | 1,755 |
| | 100дөн 880ге чейин | 1,995 |
| | 880ден 1360ка чейин | 2,074 |
| | 1360тан ашык | 2,154 |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Мектептин, мектеи-интернатгын жана балдар үйүнүн, адистештирилген реабнлитациялоо, балдарды өнүктүрүү жана үй-бүлөнү колдоо борборунун бухгалтери | 1,795 |
| 8. | Мектептин, мектеп-интернаттын жана балдар үйүнүн, адистештирилген реабилитациялоо, балдарды онүктүрүү жана үй-бүлонү колдоо борборунун бухгалтер-кассири | 1,716 |
| 9. | Мектеп-интернаттын жана балдар үйүнүн, адистештирилген реабилитациялоо, балдарды өнүктүрүү жана үй-бүлону колдоо борборунун башкы бухгалтери, тарбияланууучулардын контингенти: | |
| | 100го чейин | 1,995 |
| | 100дөн 200го чейин | 2,074 |
| | 200дөн ашык | 2,154 |
| 10. | Дефектолог, логопед, сурдопедагог, логопед мугалим, дефектолог мугалим | 2,493 |
| 11. | Социалдык педагог, психолог, дарыгер, клиникалык психолог, педагог-психолог | 2,194 |
| 12. | Музыкалык жетекчи, китепканачы, библиограф, психиатр, сурдолог, стоматолог дарыгер, дарылоо дене | 1,995 |
| | тарбиясы боюнча инструктор, шеф-ашпозчу, лаборатория башчысы, китепкана башчысы, инженер, инженер-программист, адис, комплекстүү реабилитациялоо боюнча адис, реабилитациялоо боюнча адис, интернаттын башчысы | |
| 13. | Ийримдин, класстан тышкаркы дене тарбия ишииин жетекчиси | 1,886 |
| 14. | Лаборант, медайым, ашпозчу, кампа башчысы | 1,795 |
| 15. | Тарбиячынын жардамчысы | 1,611 |
| Мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары | | |
| 16. | Башкы бухгалтер, окуучулардын контингенти: | |
| | 280ге чейин | 1,755 |
| | 280ден 640ка чейин | 1,915 |

| | | |
|---|---|---|
| | 640тан 100ге чейин | 2,035 |
| | 1000ден ашык | 2,154 |
| 17. | Бөлүм башчы, окуу бөлүмүнүн башчысы | 2,154 |
| 18. | Методист, педагог-уюштуруучу, сүрөтчү, жасалгалоочу сүрөтчү, уюштуруучу, психолог, үн режиссеру | 1,995 |
| 19. | Бухгалтер | 1,895 |
| 20. | Ансамблдин көркөм жетекчиси, хормейстер, балетмейстер, дирижер, концертмейстер, китепканачы, дарыгер | 1,995 |
| Орто кесиптик билим берүү уюмдары | | |
| 21. | Болүмдүн, китепкананын башчысы, дене тарбиянын, ондүрүштүк практиканын жетекчиси, аскер жетекчиси, лаборатория башчысы | 1,795 |
| 22. | Дарыгер | 1,829 |
| 23. | Башкы бухгалтер, студенттердин контингенти | |
| | 280ге чейин | 1,596 |
| | 280ден 640ка чейин | 1,662 |
| | 640тан 1000ге чейин | 1,729 |
| | 1000ден ашык | 1,795 |
| 24. | Улук лаборант, инженер, программист, адис, инспектор | 1,662 |
| 25. | Бухгалтер, экономист, юрист | 1,579 |
| 26. | Бухгалтер-кассир, тарбиячы | 1,529 |

| | | |
|---|---|---|
| 27. | Лаборант | 1,496 |
| 28. | Окуу устаты, китепканачы, комендант | 1,430 |
| 29. | Архивариус, иш кагаздарын жүргүзүүчү, окуу бөлүмүнүн катчысы | 1,330 |
| Жогорку кесиптик билим бсрүү уюмдары | | |
| 30. | Башкы бухгалтер, студенттердин контингенти: | |
| | 280ге чейин | 1,381 |
| | 280ден 640ка чейин | 1,432 |
| | 640тан 1000ге чейин | 1,483 |
| | 1000ден ашык | 1,534 |
| 31. | Дарыгер | 1,407 |
| 32. | Окуу, пландоо-финансылык, редакциялык-басма, маалыматтык бөлүмдордүн начальниги, башкы инженер, башкы бухгалтердин орун басары, студенттердин контингенти: | |
| | 280ге чейин | 1,253 |
| | 280ден 640ка чейин | 1,304 |
| | 640тан 1000ге чейин | 1.356 |
| | 1000ден ашык. | 1,407 |

| | | |
|---|---|---|
| 33. | Окумуштуу катчы, докторантуранын жана аспирантуранын, лабораториянын жана башка бөлүмдордүн башчысы, сектор башчы, китепкананын директору, музейдин директору, өндүрүштүк нрактиканын жетекчиси, башкы адис, башкы илимий кызматкер, борбордун директору | 1,330 |
| 34. | Жетектөөчү адис, жетектөөчү илимий кызматкер, жетектөөчү концертмейстер, юрист, улук экономист, бухгалтер, инженер-программист, улук лаборант, башкы китепканачы, башкы библиограф, эксперт | 1,279 |
| 35. | Улук адис, методист, бухгалтер-кассир, улук инспектор, улук китепканачы, концертмейстер, экономист, реставратор, улук илимий кызматкер, улук китепканачы | 1,202 |
| 36. | Ректордун жардамчысы, китепканачы, окуу устаты, комендант, адис, лаборант, сүрөтчү, тарбиячы, улук архивариус, жогорку билимдүү иллюстратор, жогорку билимдүү инженер | 1,551 |
| 37. | Инспектор, статист-талдоочу, диспетчер, архивариус, иш кагаздарын жүргүзүүчү, секретарь-референт, кесиптик орто билими бар иллюстратор | 1,023 |

| | | |
|---|---|---|
| Кыргыз билим берүү акадсмиясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык "Окуу китеби" илимий-практикалык борбору, С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту жана анын Түштүк филиалы | | |
| 38. | Борбордун директору | 3,590 |
| 39. | Окумуштуу катчы, башкы инженер, лаборатория башчысы | 3,411 |
| 40. | Башкы бухгалтер | 3,231 |
| 41. | Болүмдүн, китепкананын, канцеляриянын башчысы, башкы бухгалтердин орун басары, башкы адис, башкы илимий кызматкер | 2,992 |
| 42. | Бухгалтер, экономист, юрист, жетектөөчү адис, жетектөочү китепканачы, методист, редактор, инженер-программист, жетектөөчү илимий кызматкер, улук лаборант | 2,842 |
| 43. | Улук инспектор, инженер, бухгалтер-кассир, улук илимий кызматкер | 2,753 |
| 44. | Комендант, илимий кызматкер, лаборант | 2,693 |
| Облустук билим берүү институттары, облустук окуу-методикалык билим берүү борборлору, мугалимдердин билимин өркүндотүүнүн облустук институттары | | |
| 45. | Башкы бухгалтер | 1,729 |
| 46. | Бөлүмдүн, кабинеттин башчысы, башкы адис | 1,629 |
| 47 | Жетектоочү адис, методист, бухгалтер, китепкана башчысы | 1,579 |

| | | |
|---|---|---|
| 48. | Комендант, адис, китепканачы | 1,430 |
| Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация | | |
| 49. | Башчы | 1,829 |
| 50. | Психолог, олигофренопедагог, сурдопедагог, логопед, психиатр, невропатолог, офтальмолог | 1,662 |
| 51. | Лаборант | 1,496 |

Эскертүү:

1. Ушул тиркеменин 16-20-пункттарында аталган "Алтын түйүн" республикалык балдардын инженердик-техникалык академиясынын кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти кызматкерлердин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет.

2. Окуучулардын контингента 226га чейин болгон жалпы билим берүү уюмдарында китепкана иши үчүн айына 5400 сом олчомүндо кошумча акы белгиленет.

3. Кесиптик орто билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине кабинетке башчылык кылуу, класс жетекчилик, циклдик комиссияга жетекчилик үчүн жана 720 саат жылдык жүктом үчүн дептер текшерүүго айына 117 сом олчомүндо кошумча акы төлөнөт.

Эгерде окутуучу окуу жылында ушул нункттун биринчи абзацында аныкталгандан коп же аз окуу жүктомүно ээ болсо, анда дептер текшерүү үчүн кошумча акы тийиштүү түрдо кобойтүлот же азайтылат.

Орто кесиптик билим берүү уюмдарында аскердик жетекчилердин тарифтик ставкасына (маянасына) бир жылда 480 саат педагогикалык иш үчүн акы толоо киргизилген. Бул педагогикалык ишке окуучуларга баштапкы аскердик даярдык боюнча сабактарды (анын ичинде факультативдик сабактарды) жана тактикалык сабактарды откорүү кирет.

Андан сырткары орто кесиптик билим берүү уюмдарында аскердик жетекчинин милдетине баштапкы аскердик даярдык боюнча класстан тышкаркы сабактарды отүү, студенттер менен уюштуруучулук жана аскердик-мекенчилдик иштер, ошондой эле аскер ишинин негиздери боюнча ийримдерди жетектоо милдетин аткаруу жана аскердик кабинетти жетектөө кирет (кошумча акы төлөөсүз).

Эгерде орто кесиптик билим берүү уюмдарында жогоруда көрсөтүлгөн ченемде жүктөм камсыз кылынбаса, ага толук кызматтык маяна төлөнөт.

Орто кесиптик билим берүү уюмдарында аскердик жетекчилер тарабынан аткарылган окуу (педагогикалык) иш жылына 480 сааттан ашык болсо, окутуучулар үчүн белгиленген ставка боюнча жана тартипте кошумча төлөнөт. Мында кошумча акы төлөнүүчү окуу (педагогикалык) иши бир жылда 480 сааттан ашпашы керек.

4. Ушул тиркеменин 21-37-пункттарында аталган маданият жана искусство чөйрөсүндөгү орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын коэффициенти кызматкерлердин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициентинен 50 пайызга жогору белгиленет.

5. Билим берүү уюмдарынын медицина кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) 3 жыл медициналык иш стажы үчүн он пайыз өлчөмүндө, 8 жыл үчүн жыйырма пайыз өлчомүндө, 13 жана андан ашык жыл үчүн отуз пайыз өлчөмүндө үстөк белгиленет.

6. Билим берүү уюмдарынын китепкана кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) 3 жыл китепкана иш стажы үчүн он пайыз өлчөмүндө, 8 жыл үчүн жыйырма пайыз өлчөмүндо, 13 жана андан ашык жыл үчүн отуз пайыз олчомүндө үстөк белгиленет.

15-тиркеме

**Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин айрым категоринларынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тариф гик ставкага (маянага)эселөө коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1. | Болум башчы | 1,915 |
| 2. | Билим берүү уюмундагы башкы бухгалтер, окуучулардын контингенти: | |
| | 250 адамга чейин | 1,995 |
| | 250дөн 450 адамга чейин | 2,074 |
| | 450 адамдан ашык | 2,154 |
| 3. | Бухгалтер | 1,895 |
| 4. | Бухгалтер-кассир | 1,676 |
| 5. | Чарба башчысы | 1,795 |
| 6. | Психолог | 1,995 |
| 7. | Сурдокотормочу, сурдопедагог, дарыгер-педиатр | 1,795 |
| 8. | Улук устат | 2,493 |
| 9. | Дене тарбия жетекчиси | 1,995 |
| 10. | ЖАД (жаштарды аскерге чакырылганга чейинки даярдоо) жетекчиси, спорт | 1,995 |

| | | |
|---|---|---|
| | боюнча региондук инструктор | |
| 11. | Методист | 1,795 |
| 12. | Системалык администратор (маалыматтык системалык башкаруу адиси) | 1,895 |
| 13. | Жатаканадагы тарбиячы | 1,795 |
| 14. | Китепкана башчысы, корком жетекчи -чыгармачылык жана маданият боюнча региондук координатор | 1,995 |
| 15. | Ашкана башчысы (шеф-ашпозчу) | 1,995 |
| 16. | Жатакана башчысы | 1,995 |
| 17. | Механик | 1,895 |
| 18. | Окуу бөлүмүнүн катчысы, кадрлар боюнча инспектор, паспортист | 1,795 |

Эскертүү:

1. Баштапкы кесиптик билим берүүчү кесиптик лицейлердин башкы бухгалтерине тарифтик ставкасына (маянасына) 20 пайыз олчөмүндө үсток акы белгиленет.

150 орундан кем эмес стационардык ашканасы бар баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарында башкы бухгалтерге тарифтик ставкасына (маянасына) 30 пайыз өлчөмүндө үстөк акы белгиленет.

150 орундан кем эмес стационардык ашканасы бар баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын кесиптик лицейлеринин башкы бухгалтерине тарифтик ставкасына (маянасына) 30 пайыз өлчөмүндө үстөк акы белгиленет.

2. Дене тарбия жана жаштарды аскерге чакырылганга чейинки даярдоо боюнча жетекчилердин тарифтик ставкасына (маянасына), эгер спорт залы же спорт аянтчасы болсо жыл ичинде 240 окуу сааты үчүн, алар болбогон учурда жыл ичинде 360 окуу сааты үчүн акы төлөө кирет.

Сабактан тышкаркы дене тарбия-спорттук иштерге (спорттук ийримдерге сабак өтүү, массалык иш-чараларды откөрүү) иш жүзүндө жумшалган убакыт боюнча төлөнөт.

16-тиркеме

**Райондук жана шаардык билим беруу бөлүмдөрүнүн борборлоштурулган бухгалтерняларынын кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1. | Борборлоштурулган бухгалтериянын башкы бухгалтери, жыл ичиндеги бюджеттик жана бюджеттсн тышкары каражаттардын төмөнкүдөй елчөмүнө жараша: | |
| | 50000,0 мин сомго чейин | 2,626 |
| | 50000,0 мицден 100000,0 мин сомго чейин | 2,(т |
| | 100000,0 миңден 200000,0 сомго чейин | 2,759 |
| | 200000,0 миң сомдон жогору | 2,826 |
| 2. | Башкы бухгалтердин орун басары | 2,626 |
| 3. | Топтун жетекчиси, башкы экономист | 2,493 |
| 4. | Бухгалтер, экономист | 2,410 |
| 5. | Бухгалтер-кассир | 2,360 |

Эскcртүү:

1. Борборлоштурулган бухгалтериянын кызматкерлерине иштеген жылдары үчүн иш стажы үчтөн сегиз жылга чейин болгондо - тарифтик ставкасынын (маянасынын) 10 найызы, сегизден он үч жылга чейин - 20 пайызы жана он үч жылдан жогору - 30 пайызы өлчөмүндө ай сайын кошумча акы белгиленет.

2. Иштеген жылдары үчүн үсток акы башка үстөк акыларды жана кошумча акыларды эсепке албастан эсептелет.

3. Борборлоштурулган бухгалтериянын кызматкерлерине эмгектик өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчомүндо ден соолугун чындоого жолокпул толонот.

17-тиркеме

**Билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) алдындагы окуу-методикалык кабинеттердин кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Уюмдун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, бир айга | |
|---|---|---|---|
| | | башчы | методист |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек жана Ош шаарларынын билим берүү башкармалыктарынын алдындагы окуу-методикалык кабинеттер | 2,161 | 1,662 |
| 2 | Билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн алдындагы окуу-методикалык кабинеттер | 1,995 | 1,662 |

Эскертүү: Билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) алдындагы окуу-методикалык кабинеттеринин методисти кызмат ордуна жогорку билимдүү жана 5 жылдан ашык педагогикалык иш стажы бар адам дайындалат

18-тиркеме

**Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин алдындагы Котормо, өзбек тилинде окуткан мектептер үчүн окуу китептерин, программаларды жана окуу-методикалык адабияттарды түзүү боюнча борбордун кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1. | Борбордун директору | 1,995 |
| 2 | Башкы редактор | 1,829 |
| 3 | Бухгалтер | 1,579 |
| 4 | Башкы адис, бөлүм башчы | 1,563 |
| 5 | Жетектоочү адис, инженер-программист, программист | 1,529 |
| 6 | Кадрлар боюнча инспектор, сүрөтчү, корректор | 1,496 |
| 7 | Техник-оператор | 1,496 |

19-тиркеме

**Билим берүү системасында иштеген техникалык тейлөөчү персоналдын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1 | Жабдуу боюнча агент | 1,151 |
| 2 | Катчы (катчы-машинистка, катчы-референт) | 1,036 |
| 3 | Женил автомобилдин айдоочусу | 1,458 |
| 4 | Автобустун, жук ташуучу автомобилдин айдоочусу | 1,611 |
| 5 | Режим боюнча ноомотчу, жатакана боюнча ноомотчу | 1,151 |
| 6 | Дизайнер | 1.458 |
| 7 | Зал боюнча ноомотчу, портье | 1,036 |
| 8 | Диспетчер | 1,458 |
| 9 | Архив башчысы, канцелярия башчысы | 1,458 |
| 10 | Чарбанын башчысы, кампанын башчысы, кийимкананын башчысы | 1,458 |
| 11 | Кир жуучу жайдын башчысы | 1.458 |
| 12 | Эмгек боюнча инструктор | 1,151 |
| 13 | Кассир | 1,151 |
| 14 | 1, 2, 3-категориядагы киномеханик | 1,458 |
| 15 | Комендант | 1,458 |
| 16 | Корректор | 1,458 |
| 17 | Костюмер | 1.151 |
| 18 | Механик, спорт кемелеринин механиги, курал-жарак оцдоо боюнча механик | 1,458 |
| 19 | Буу казан жайынын оператору, машинист | 1,458 |
| 20 | Көчүрүүчү-көбөйтүүчү техниканын оператору, электрондук-эсептөөчү машиналардын (ЭЭМ) оператору, жеке эсептөөчү машиналардын (ЖЭМ) оператору | 1,151 |

| | | |
|---|---|---|
| 21 | Котормочу | 1.611 |
| 22 | Жыгач уста (столяр), сантехник, слесарь, автослесарь, электрик, электромонтер | 1,151 |
| 23 | Имараттарды, курулмаларды жана жабдууларды күнүмдүк оцдоо (тейлоө) боюнча жумушчу, маляр, шыбакчы | 1,000 |
| 24 | Радиомеханик, радиооператор, телефонист | 1,458 |
| 25 | Редактор | 1,534 |
| 26 | Музыкалык аспаптарды ондоочу-күүлөөчү | 1,534 |
| 27 | Өтүкчү (бут кийим оцдогуч) | 1.036 |
| 28 | Медициналык айым | 1,458 |
| 29 | Музейди кароочу | 1,151 |
| 30 | Техник | 1,534 |
| 31 | Экспедитор | 1,151 |
| 32 | Электргаз ширетүүчү, ширетүүчү | 1,151 |

Эскертүү:

1. Техникалык тейлеочү персоналдын маяналары кесиптик билимин, шыгын жана көндүмдөрүн талап кылган аткарылуучу жумуштун татаалдык деңгээлине жараша мурда колдонулган разряддарды эске алуу менен белгиленди.

2. Автомобилдердин айдоочуларына ченемделбеген иш күнү үчүн айдоочу катары иш жүзүндө иштеген убактысына жараша тарифтик ставкасына (маянасына) 25 пайыз өлчөмүндө үстөк акы төлөнөт.

3. Кесиптик чебердиги үчүн дифференцияланган үстөк акылар тийиштүү тарифтик ставкадан (маянадан): 2-разряддагы жумушчулар үчүн - 5 пайыз өлчөмүндө, 3-разрядга - 10 пайыз, 4-разрядга -15 пайыз, 5-разрядга — 20 пайыз, 6-разрядга — 25 пайыз өлчөмүндө белгиленет.

4. "Алтын түйүн" республикалык балдар инженердик-техникалык академиясынын техникалык тейлөөчү персоналынын маяналарына эселөө коэффициенти ушул тиркемеде аныкталган маяналарга эселөө коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет.

20-тиркеме

**Билим берүү систмасында иштеген кенже тейлөөчү персоналдын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундун аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1 | Ассенизатор | 1,151 |
| 2 | Гардеробчу, лифтчи, кароолчу (вахтер, күзотчү), өткөрмө пункттун контролеру | 1,000 |
| 3 | Короо тазалагыч, багбан, иол сурткуч, жарык бергич, айнек сурткуч | 1.036 |
| 4 | От жаккыч (кочегар) | 1,000 |
| 5 | Кубовщик, ташыгыч, мончочу | 1.036 |
| 6 | Кампачы, кастелянша, чабарман | 1.000 |
| 7 | Ашкана кызматкери | 1,000 |
| 8 | Көмөкчү жумушчу | 1,000 |
| 9 | Сцена боюнча кызматкер | 1,151 |
| 10 | Үтүкчү, кийим, шейшел комплекттоочу, кир жуугуч, кир (атайын кийимди) жуугуч машинист | 1,036 |
| 11 | Санитарка, башка кенже медициналык персонал | 1,151 |
| 12 | Кызматтык жана маданий-тиричиликтик жайларды тазалоочу | 1,000 |
| 13 | Коомдук дааратканаларды тазалоочу | 1.151 |

Эскертүү:

1. Кенже тейлөөчү персоналдын тарифтик ставкалары (маянасы) аткарылчу жумуштун татаалдык даражасына жараша белгиленет.

2. Кызматтык жана маданий-тиричиликтик жайларды, коомдук дааратканаларды тазалоочуларга, кир (атайын кийимди) жуугуч машиниеггерге, кир жуугучтарга, санитаркаларга синтетикалык жуугуч жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуп иштегендиги үчүн тарифтик ставкадан (маянадан) 25 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк акылар белгиленет.

3. "Алтын түйүн" республикалык балдар инженердик-техникалык академиясынын кенже тейлоочү персоналынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициенти ушул тиркеме менен аныкталган тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициентинен 80 пайызга жогору белгиленет.

21-тиркеме

**Килим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин, педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептоодо колдонулат.

2. Ушул Жободо көрсотүлгон билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептоөнүн тартиби бардык мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына колдонулат.

3. Билим берүү уюмдарынын жетекчилери жыл сайын, 1-сентябрга карата ушул Жобонун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык форма боюнча педагогикалык кызматкерлердин тарифтик тизмелерин түзүшөт.

Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин тарифтик тизмеде көрсөтүлгөн билими, педагогикалык ишинин стажы, илимий даражасы, ардак наамынын болушу жөнүндо маалыматтардын тууралыгы үчүн билим берүү уюмунун жетекчиси жеке жоопкерчилик тартат.

4. Окуу жылынын ичинде билим берүү уюмунун кызматкеринин педагогикалык иш стажы, билими жөнүндө маалыматтар өзгөргөн же аларга окумуштуулук даража ыйгарылган, "Эл" жана "Эмгек сиңирген" деген ардак наам берилген учурда - аларга тийиштүү кошумча акы белгиленет, ал эми "Кыргыз Республикасынын Баатыры" жогорку айырмалоочу даража ыйгарылган учурда эмгек акысынын өлчөмү көбөйтүлөт.

Мындай учурларда эмгек акысынын өлчөмү төмөнкүдөй өзгөртүлөт:

1) педагогикалык иш стажы көбөйгөндө - эгерде документтери билим берүү уюмунда болсо, тийиштүү стажга жеткен күндөн тартып же педагогикалык иш стажы үчүн кошумча акынын өлчөмүн жогорулатууга укук берген стаж жөнүндө документ тапшырылган күндөн тартып;

2) билим алганда же билими жонүндө документтери калыбына келтирилген учурда - тийиштүү документ тапшырылган күндөн тартып;

3) "Эл" жана "Эмгек сиңирген" деген ардак наам жана "Кыргыз Республикасынын Баатыры" жогорку айырмапоо даражасы ыйгарылган учурда - ыйгарылган күндон тартып;

4) окумуштуулук даража ыйгарылганда - Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө чечими чыгарылган күндөн тартып.

Кызматкерде ал кезектеги же кошумча оргүүдо жүргон, ошондой эле ал убактылуу эмгекке жарамсыз мезгилде эмгек акысынын өлчөмүн озгортүү укугу пайда более, өлчому өзгортүлгон эмгек акысы өргүү же убактылуу эмгекке жарамсыздык аяктаган күндон тартып толонот.

## 2. Билимин жана педагогикалык иш стажын аныктоо тартиби

5. Педагогикалык кызматкерлердин билими окуу жайын бүтүргонү жонүндө документтин (диплом, аттестат) негизинде аныкталат.

Билими жөнүндө документтерин жоготуп алган билим берүү уюмунун кызматкерлери аларды мыйзамда карал ган тартипте калыбына келтиришее болот.

6. Билим берүү кызматкерлеринин педагогикалык иш стажы билим берүү уюмуна ишке кабыл алган күндөн тартып андан бошогон күнго чейин жалпы календарлык күндөр, айлар жана жылдар менен суммасы эсептелет.

Педагогикалык иш стажга кызматкердин мыйзамсыз иштен бошотулушуна жана кийин кызмат ордуна калыбына келтирилишинс байланыштуу аргасыз бош жүргон убактысы кошуп эсептелет.

Кандай себептер боюнча болсо да (мыйзамсыз иштен боиютуу учурунан тышкары) бир иштен бошоп (окуусун аяктап) башка жумушка киргенге чейинки учурдун ортосундагы иштеги үзгүлтүк мезгил иш стажына кошулбайт.

7. Педагогикалык иш стажын аныктоо үчүн негизги документ эмгек китепчеси болот.

Эмгек китепчесиндеги жазуулар менен ырасталбаган адистик боюнча иш стажы Кыргыз Республикасынын Окмотүнүн 2018-жылдын 23-октябрындагы № 500 токтому менен бекитилген Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсия чектөө үчүн камсыздандыруу стажын ырастоонун тартиби жөнүндо жобого ылайык аныкталат.

8. Билим берүү уюмдарында үсток акыларды төлөө үчүн педагогикалык иш стажы жыл сайын курамына уюмдун жетекчиси, профсоюз уюмунун, кадрлар болүмүпүп жана педагогикалык жамааттып өкүлдорү кирген педагогикалык стажды аныктоо боюнча комиссия тарабынан аныкталат.

Комиссиянын курамы уюмдун жетекчисииин буйругу менен бекитилет.

9. Педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акыны төлөөгө негиз болуп педагогикалык стажды аныктоо боюнча комиссиянын чечиминен алынган көчүрмө эсептелет. Педагогикалык иш стажы үчүн ар айлык пайыздык үстөк акы ошол үстөк акыны дайындоо же анын өлчөмүн өзгөртүү укугу пайда болгон учурдан тартып төлөнөт.

Үстөк акынын өлчөмүнө таасир тийгизе турган педагогикалык иш стажы календарлык айдын ичинде өзгөргөндө үстөк акынын жаңы өлчөмү андай өзгөрүү болгон учурдан тартып белгиленет.

Педагогикалык иш стажы үчүн ар айлык пайыздык үстөк акы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматкерге сакталуучу орточо эмгек акы эсептелген бардык учурларда, анын ичинде өргүүдогү же убактылуу эмгекке жарамсыз учурда да эсепке алынат.

Эгерде кызматкерде педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акыны дайындоо же анын өлчөмүн өзгортүү укугу ал кезектеги же кошумча оргүүдо жүргөн мезгилде, ошондой эле убактылуу эмгекке жарамсыз мезгилде пайда болсо, үстөк акыны дайындоо аны дайындоого же анын өлчөмүн өзгөртүүгө укук пайда болгон учурдан тартып жүргүзүлөт.

Эгерде кызматкерде педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акыны дайындоо же анын өлчөмүн өзгөртүү укугу орточо эмгек акы сакталган кызматтык милдеггерди аткаруу мезгилинде пайда болсо, үсток акы андай укук пайда болгон учурдан тартып белгиленет жана орточо эмгек акы тийиштүү түрдо кайра эсептелет.

Кызматкер иштен бошотулганда педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акы иштеген мезгилине пропорциялуу эсептелет.

Билим берүү уюмунда педагогикалык ишке тартылган ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерине (эки ишти айкалыштырган) педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акы саат боюнча эмгек акыга карата белгиленген иайыздарда толонот.

Педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акынын өлчөмүн өз убагында кайра кароого жоопкерчилик билим берүү уюмунун жетекчисине жүктөлөт.

10. Педагогикалык иш стажына төмөнкүлор кошулат:

1) ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык билим берүү уюмдарындагы педагогикалык, жетекчилик жана методикалык иш;

2) педагогикалык кызматкерлердин ишинин томөнкүдөй учурларында ал учурларды өзүнчө алганда да, чогуу алганда да алардан мурда же кийин да негизги жери боюнча иедагогдук иште иштеген болсо:

а) билим берүүнү башкаруу органдарында жана билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетгсримде, жогорку мектепте жана илимий мекемелерде; жашы жете электердин иштери боюнча комиссияларда же жашы жете электерди социалдык-укуктук жактан коргоо бөлүмдөрүндо, Кыргыз Республикасынын ички иштер

оргамдарыным (мындан ары - ИИБ) жашы жете элстердин иштери боюнча инспекцияларында, милициянын балдар болмосүндо жетекчи, инспектордук, инструктордук кызмат орундарда иштеген убактысы;

б) ИИБдин жашы жете электердин иштери боюнча инспекцияларында (милициянын балдар бөлмөсүндө) иштоо (кызмат өөтөө) мезгили, эгерде бул мезгилге чейин педагогикалык окуу жайда окуп, андан кийин түздон-түз педагогикалык ишти уланткан шартта;

в) өндүрүштөн ажыратуу менен педагогикалык окуу жайда окуган мезгили;

3) билим берүү мекемелеринин педагогикалык кызматкерлеринин айрым категорияларынын иштоо мезгили, анын ичинде:

а) Кыргыз Республикасынын жогорку аскердик окуу жайларынын окутуучуларына, баштапкы аскердик даярдык мугалимдеринс (окутуучуларына) - армияда (анын ичинде ИИМдин аскеринде, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин аскерлери менен органдарында) офицердик, сержанттык, старшиналык курамдын, прапорщиктердин жана мичмандардын кызмат орундарында кызмат өтөө мезгили;

б) дене тарбия мугалимдерине жана окутуучуларына - спорт боюнча машыктыруучу-окутуучу катары иштеген мезгил;

в) спорттук профилдеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттардын хореография жана ритмика мугалимдеринс, искусство мектептеринин, музыкалык жана сүрот мектептеринин окутуучуларына - балеттин, эстрадалык-спорттук жанрдын же оркестрдин артисти, балетмейстер, хормейстер, концертмейстер, хореограф, режиссер, дирижер, сүрөтчү, маданий-агартуу мекемелериндс хореографиялык, акробатгык, музыкалык, көркөм сүрот ийриминин жетекчиси катары иштеген мезгил;

г) билим берүү уюмдарынын атайын сабактарынын окутуучуларына, өндүрүштүк окутуу устаттарына жана технология мугалимдерине (кол эмгек, черчение жана дизайн) - ишканаларда, мекемелерде, уюмдарда окуткан сабактарынын профилнне туура келген адистик боюнча иштеген мезгил;

д) ийримдердин, секциялардын жетекчилерине - ишканаларда, мекемелерде, уюмдарда ийримдин профилине туура келген адистик боюнча иштеген мезгил;

ж) дефектолог-мугалимдерге, логопеддерге, сурдопедагогдорго, тарбиячыларга, мугалимдерге - клиникаларда, бейтапканаларда, ооруканаларда, ошондой эле чоцдор үчүн мекемелердеги балдар болүмдорүндо, палаталарда педагогикалык иште иштеген мезгил;

з) кыргыз, орус тил мугалимдерине - мамлекеттик жана расмий тилдерди окутууда квалификацияны жогорулатуу курстарында, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда иштеген мезгил;

и) мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларына жана дирсктирлоруна - мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын медайымы болуп иштеген мезгил.

Мында педагогикалык стажга педагогикалык иш аткарылган айлар гана кошулат.

Ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын билим берүү уюмдарында сабак берген кызматкерлерине педагогикалык стаж, эгерде алардын окутуу ишинин көлөмү жылына кеминде 240 сааттан кем болбосо, кошуп эсептелет.

Мында алардын педагогикалык ишинин стажына алар педагогикалык иш жүргүзгон айлар кошулат.

Директордун финансы-чарбалык иш боюнча орун басарын (проректоруп) кошпогондо директорлорго (ректорлорго) жана директордун орун басарларына (проректорлорго) педагогикалык иш стажы үчүн үсток акы негизги кызмат орду боюнча толонот.

Эки ишти айкалыштыруу менен педагогикалык иш жүргүзгөн педагогикалык кызматкерлерге педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акы айкалыштырган кызмат орду боюнча да төлөнөт.

Мында педагогикалык жүктөмүнүн стажы үчүн үстөк акы белгилене турган негизги жана айкалыштырган кызмат орду боюнча педагогикалык жүктомдүн жалпы көлөмү эмгек акынын ставкасынан ашпоого тийиш.

11. Билим беруү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин ставкасына жана тарифтик ставкасына (маянасына) 3 жылдык педагогикалык иш стажы үчүн 10 (он) пайыз, 8 жыл үчүн -20 (жыйырма) пайыз, 13 жана андан ашык жыл үчүн - 30 (отуз) пайыз өлчөмүндө кошумча акы белгиленет.

### 3. Билим берүү уюмдарынын жетекчи кызматкерлеринин кызматтык маяналарын аныктоо тартиби

12. Билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин тарифтик ставкасынын (маянасынын) өлчөмүн аныктоодо бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган окуучулардын (тарбиялануучулардын, балдардын, студенттердин) контингенти эске алынат.

13. Билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин тарифтик ставкасын (маянасын) аныктоодо окуучулардын (тарбиялануучулардын, балдардын, студенттердин) контингенти жыл сайын төмонкүдой тартипте аныкталат:

а) бардык типтеги жана аталыштагы мектептер, мектеп-интернаттар, баштапкы кесиптик билим берүү, орто кесиптик билим берүү жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары боюнча - окуу жылынын башталышына карата окуучулардын (тарбиялануучулардын, студенттердин) тизмедеги курамы боюнча.

Жалпы билим берүүчү мектептердин базасында 480 сааттык программа боюнча мектепке даярдоодон откон балдардын саны директордун жана директордун ушул иштерди уюппуруу жүктөлгон окуу, окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын кызматтык маянасын аныктоодо 0,5 коэффициент менен эске алынат.

Жалпы билим берүүчү мектептерде кечки класстардын окуучуларыш.ш контингент директордун жана ал класстарга жетекчилик кылуу жүктөлгөн окуу иши боюнча анын орун басарынын маянасын аныктоодо 0,5 коэффициент менен, ал эми опюл мектеитердеги сырттан окуу бөлүмдорүнүн контингенти 0,4 коэффициент менен директорго гана эске алынат.

Окутуу күндүз жана сырттан же жалац гана сырттан жүргүзүлгон кечки (ноомоттүк) жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилеринин тарифтик ставкасын (маянасын) аныктоодо окуучулардын, анын ичинде сырттан окуган окуучулардын контингенти адамдын саны менен (б.а. коэффициенттерди колдонбостон) эсепке алынат.

Бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттардын жетекчилеринин тарифтик ставкасын (маянасын) аныктоодо интернаттарда жашаган (анын ичинде башка мектептерде окуган) жана жашабаган тарбиялануучулардын контингенти 1,0 коэффициент менен, ал эми келип-кетүүчү окуучулардын контингенти 0,5 коэффициент менен эсепке алынат;

б) мектепке чейинки билим берүү уюмдары, балдар үйлорү жана мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары боюнча -тарбиялануучулардын (балдар, окуучулар) 1-япварга карата тизмедеги курамы боюнча.

14. Бардык типтеги жана аталыштагы мектептердин, мектеп-интернаттардын, баштапкы кесиптик билим берүүчү, орто кесиптик билим бсрүүчү жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдардын жетекчилеринин тарифтик ставкасы (маянасы) окуу жылынын ичинде окуучулардын (тарбиялануучулардын, студентгердин) саны озгөргонүно байланыштуу, ал эми мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, балдар үйлөрүнүн жана мектептен тышкаркы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызматтык маяналары календардлык жыл ичинде тарбиялануучулардын (балдар, окуучулар) саны озгоргонүнө байланыштуу өзгөртүлүүгө тийиш эмес.

Кечки (нөөмоттүк) жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилеринин тарифтик ставкасы (маянасы) жылына эки жолу - окуу жылынын биринчи жарымынын башында жана экинчи жарымыныи башында иш жүзүндогү контингентке жараша белгиленет.

15. Директордун окуу иши боюнча орун басарынын бирден ашык кызмат орду белгиленген мектептерде алардын биринин тарифтик ставкасынын (маянасынын) олчөмү мектептеги окуучулардын жалпы санына, ал эми экинчисиники - өзү тейлеген класстардагы окуучулардын санына жараша аныкталат.

16. Балдар менен класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы ишти уюштуруучулардын тарифтик ставкасы (маянасы) 1-11-класстардын окуучуларынын контингентин эске алуу менен белгиленет.

Бул учурда иштеп жаткан жаштардын класстарынын жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн окуучуларынын контингенттери эсепке алынбайт.

**4. Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу жана кошумча төлөө**

17. "Кыргыз Республикасынын Баатыры" деген эң жогорку артыкчылык даражасы, "Эл" жана "Эмгек сиңирген" ардак наамдары бар педагогикалык кызматкерлерге жана билим берүү уюмдарынын илимдин доктору жана кандидаты окумуштуулук даражасы бар кызматкерлерине үстөк акы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

2. Педагогикалык жана башка кызматкерлерге ардак наамдары үчүн эки жана андан ашык негиздер боюнча үстөк акы белгилөө жана эмгек акысынын өлчөмүн жогорулатуу каралган учурларда эмгек акы ар бир негиз боюнча өзүнчө жогорулатылат.

3. Айыл жана шаар жеринде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлбогөн жалпы билим берүүчү мектептерде (кесиптик лицейлерде) кыргыз тили жана адабияты мугалиминин (окутуучусунун) жана айыл жеринде окутуу орус тилинде жүргүзүлбөгөн жалпы билим берүүчү мектептерде (кесиптик лицейлерде) орус тили жана адабияты мугалимдеринин (окутуучуларынын) ставкасына эселоо коэффициенти билим берүүнүн тиешелүү децгээлинде окутуу (окутуучулук) иши үчүн билим берүүчү мектептердин (кесиптик лицейлердин) мугалимдеринин (окутуучуларынын) стакасына белгиленген эселөө коэффициентинен 15 пайызга жогорулатылат.

20. Айыл жеринде жайгашкан билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерине жумалык (жылдык) жүктөмдүн жана ставканын көлөмүнө карабастан 1800 сом өлчөмүндо кошумча акы белгиленет.

21. Бийик тоолуу шартта жана алыскы жерлердеги иш үчүн, ошондой эле эмгек акы төлөөнүн озгөчө шарттары үчүн жана "Улуттук" статусу үчүн кошумча жана үстөк акылар Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

Бийик тоолуу жана алыскы зоналарда жайгашкан билим берүү уюмдарында иштегендиги үчүн педагогикалык кызматкерлерге ар айлык үстөк акылар кызматгык маянасына жана ставкасына эсептелет.

22. Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын, Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн системасындагы билим берүү кызматкерлерине ишинин татаалдыгы, сапаты жана натыйжасы үчүн базалык маянадан же сааттык жүктөмдүн чененинен 25 пайыз өлчөмүндө үстөк акы толонот.

Үстөк акы окуу өргүүсүндө, амбулаториялык дарылоодо, ооруканада дарылануудa жүргөн кызматкерлерге төлөнбөйт.

23. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча жогорку, биринчи жана экинчи квалификациялык категориялар ыйгарылган жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине жумалык жүктомдүн көломүно карабастан, айына тиешелүү түрдө 5000, 3000 жана 2000 сом өлчомүндогү кошумча акы белгиленет.

Квалификациялык категория үчүн үстөк акы жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине жумалык окуу жүктому 1—4-класстарда 16 саат, 5-11-класстарда - 18 саат үчүн белгиленет.

Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине квалификациялык категория үчүн үсток акы төлөө квалификациялык категория ыйгарылган айдан кийинки айдын 1инен тартып жүргүзүлөт.

24. Жеңүүчүнү жана байге ээлерин даярдаган мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунун мугалимине:

- эл аралык олимпиададан (эл аралык комитет тарабынан уюштурулган) жеңсе, төмөнкү орундар үчүн бир жолку толом берилет:

1- орун - 500 000 сом;

2- орун - 300 000 сом;

3- орун - 200 000 сом;

- эл аралык олимниадада (айрым мамлекеттер тарабынан уюштурулган), төмонкүдөй орундар үчүн бир жолку толом берилет:

1- орунга-500 000 сом;

2- орунга-300 000 сом;

3- орунга - 200 000 сом;

- республикалык олимпиадада, томонкүдой орундар үчүн окуу жылынын ичинде ай сайын толом берилет:

1- орун - 10 000 сом;

2- орун - 7 000 сом;

3- орун - 5 000 сом.

## 5. Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин эмгек акысын аныктоонун тартиби

25. Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин эмгек акысы педагогикалык иш, дептер текшерүү жана класс жетекчи жумушу үчүн төлөнгөн акыдан куралат.

26. Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин педагогикалык иш үчүн эмгек акысы бир жумалык педагогикалык жүктомдүн көлөмүнө жараша аныкталат.

Жалпы билим берүү мектеби боюнча бир жумалык жүктомдүн көлөмү жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарына ылайык өзүнчө предметтерди окутууда класстарды чакан топторго бөлүүнү эсепке алуу менен жыл сайын бекитилген окуу планынын негизинде аныкталат.

Жаңы окуу жылына окуу жүктөмүн бөлүштүрүү укугу мектептин кесиптик бирлик уюму менен макулдашуу боюнча жалпы билим берүү уюмунун директоруна таандык.

Жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин ставкасы:

- 1 -4-класстарда жумасына 16 саат иштегени үчүн белгиленет;

- 5-11-класстарда жумасына 18 саат иштегени үчүн белгиленет. Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалиминин максималдуу

жүктөмү 1—4-класстарда жумасына 24 сааттан, 5-11-класстарда -27 сааттан ашпоого тийиш.

27. Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине (бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттардан тышкары) класс жетекчилик үчүн айына 1400 сом өлчөмүндо кошумча акы белгиленет, мында кошумча акыны бир классты жетектөө үчүн гана белгилоого жол берилет.

28. Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине дептерлерди текшерүү үчүн 1-4-класстарда 16 сааттык, 5-11-класстарда 18 сааттык педагогикалык иши үчүн айына 2700 сом өлчөмүндө кошумча акы белгиленет.

Дептерлерди текшерүү үчүн кошумча акы 1-4-класстын математика, чет тили, кыргыз тили, орус тили, езбек тили жана тажик тили мугалимдерине белгиленет.

Эгерде жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин жумалык жүктому 16(18) сааттан ашык же аз болсо, анда дептерлерди текшерүү үчүн кошумча акы ошого жараша кобойот же азаят.

1-мисал.

3-класстын мугалими Г.К. Абдылдаева жумасына 17 саат коломүндо тарификацияланган.

Г.К. Абдылдасванын дептерлерди текшерүү үчүи кошумча акысы:

2700 сом x 17 саат : 16 саат = 2869 сомду түзөт

2-мисал:

7-9-класстын математика мугалими Э.Г. Орозбаева жумасына 23 саат көломүндо тарификациялаиган.

Э.Г. Орозбаеванын дептерлерди текшерүү үчүн кошумча акысы: 2700 сом x 23 саат : 18 саат = 3450 сомду түзөт.

Жалпы билим берүү уюмдарыныи мугалимдеринин бир айлык эмгек акысын аныктоонун мисалдары:

1- мисал.

Балыкчы шаарындагы Л.Толстой атындагы орто мектебинин 5-11-класстарынын математика мугалими А.Т. Нишарапов, жогорку билимдүү, бакалавр квалификациясына ээ, 15 жылдык педагогикалык иш стажы жана жумасына 27 саат коломүндогү жүктөмү бар, класс жетекчиси болун саналат.

Бул мугалимдин бир айлык эмгек акысы төмөнкүдөй болот:

Математика мугалими А.Т. Нишараповдун ставкасына эселоо коэффициента 2,451, тиешелүү түрдо анын ставкасынын олчөмү (18 саат үчүн):

2,451 * 7040 сом = 17255 сомду түзөт.

(17255 сом * 27 саат: 18 саат) +1400 сом (класс жетекчилиги үчүн кошумча акы) + 2700 сом * 27 саат : 18 саат (дептерлерди текшерүү үчүн кошумча акы) + (17255 сом * 18 саат : 18 саат * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы)) = 25883 сом + 1400 сом + 4050 сом + 5177 сом = 36510 сом.

2- мисал:

Лейлек районундагы С. Садыков атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими С.С. Токтоматова, орто кесиптик билимге ээ, 12 жылдык педагогикалык иш стажы жана жумасына 20 саат колөмүндөгү жүктөмү бар, класс жетекчиси болуп саналат.

Бул мугалимдин бир айлык эмгек акысы төмонкүдөй болот:

Башталгыч класстын мугалими С.С. Токтоматованыи ставкасына эселоо коэффициента 2,177, тиешелүү түрдо анын ставкасынын олчому (16 саат үчүн):

2,177 * 7040 сом = 15326 сомду түзөт.

(15326 сом * 20 саат: 16 саат)+1400 сом (класс жетекчилиги үчүн кошумча акы) + 2700 сом * 20 саат : 16 саат (дептерлерди текшерүү үчүн кошумча акы) + (15326 сом * 16 саат : 16 саат * 20 % (педстаж үчүн кошумча акы)) = 19158 сом + 1400 сом + 3375 сом + 3065 сом = 26998 сом.

3- мисал:

Алай районундагы А. Маматов атындагы орто мектебинин 5-11-класстарынын тарых мугалими А.Ш. Исабеков, жогорку билимдүү магистр квалификациясы ыйгарылган, 25 жылдык педагогикалык иш стажы жана жумасына 23 саат көлөмүндөгү жүктөмү бар, класс жетекчиси болуп саналат.

Бул мугалимдин бир айлык эмгек акысы төмөнкүдөй болот: Тарых мугалими А.Ш. Исабековдун ставкасына эселөө коэффициенти 2,268, тиешелүү түрдө анын ставкасынын өлчөмү (18 саат үчүн):

2,268 * 7040 сом = 15967 сомду түзөт.

(15967 сом * 23 саат: 18 саат) +1400 сом (класс жетекчилиги үчүн кошумча акы) + (15967 сом * 18 саат : 18 саат * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы)) = 20402 сом + 1400 сом + 4790 сом = 26592 сом.

4-мисал:

Кочкор районунун И.Арабаев атындагы орто мектебинин информатика мугалими Т.Т. Суракматов, жогорку билимдүү, адис квалификациясы ыйгарылган, 35 жылдык педагогикалык иш стажы жана жумасына 16 саат көлөмүндогү жүктөмү бар, класс жетекчиси болуп саналат, бийик тоолуу жана алыскы шарттардагы иш стажы 31 жыл, райондук коэффициент 1,2.

Бул мугалимдин бир айлык эмгек акысы төмөнкүдөй болот:

Информатика мугалими Т.Т. Суракматовдун ставкасына эселөө коэффициенти 2,722, тиешелүү түрдө анын айлыгынын ставкасынын өлчөмү (18 саат үчүн):

2,722 * 7040 сом = 19163 сомду түзөт.

(19163 сом * 16 саат : 18 саат) +1400 сом (класс жетекчилиги үчүн кошумча акы) + (19163 сом * 16 саат : 18 саат * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы) + 19163 сом* 16 саат: 18 саат* 30% (бийик тоолуу жана алыскы шарттардагы иши үчүн кошумча акы)) * 1,2 (райондук коэффициент) = (17034 сом + 1400 сом + 5110 сом + 5110 сом)* 1,2 = 28654 сом *1,2 = 34384 сом.

Гимназиялык класстардагы мугалимдердин, тарбиячылардын, мектеп-гимназиялардын (интернат-гимназиялардын) жетекчилеринин жана мектеп-лицейлердин (интернат-лицейлердин), кесиптик лицсйлердин мугалимдеринин, тарбиячыларынын, окутуучуларынын, өндүрүштүк окутуунун устаттарынын, жетекчилеринин ставкасына жана тарифтик ставкасына (маянасына) эселоо коэффициенттери тиешелүү билим децгээлине ээ болгон билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин, тарбиячыларынын, окутуучуларынын, ондүрүштүк окутуу устаттарынын, жетекчилеринин, мектеп-лицейлердин (интернат-лицейлердин), кесиптик лицейлердин ондүрүштүк окутуу устаттарынын, жетекчилеринин ставкасына жана тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициентинен тиешелүү түрде 15 жана 20 пайызга жогорулатылат.

Жалпы билим берүү уюмдарындагы ийримдердин жетекчилеринин жана класстан тышкаркы дене тарбия иштери боюнча тарифтик ставкаларыиын (маяналарынын) өлчөмдөрү жумасына 20 сааттык иш үчүн белгиленет.

Окуучуларды үйүнө барып жекече окуткандыгы үчүн мугалимдин эмгегине акы жумасьша I -4-класстарда - 6 саат, 5-класста - 8 саат, 6-класста - 8,5 саат, 7-10-класстарда - 9 саат, 11-класста — 10 саат окутуу ишин эсептөө менен төлөнөт.

Сабактарды алмаштыруу үчүн акы 4 айдан (мугалим декреттик өргүүдө болгондо 9 айдан) ашык төлөнбөйт, көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин алмаштыруу сааттары тарификациялык тизмелерге кайра эсептелет, мында алмаштырууну эске алуу менен жалпы билим берүү уюмунун мугалиминин сабак жүктому 5-11-класстарда жумасына 27 сааттан, 1-4-класстарда жумасына 24 сааттан ашпоого тийиш.

Жалпы билим берүү уюмдарынын педогогикалык кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 126-беренесинин бешинчи бөлүгүнө ылайык ушул уюмда 11 ай үзгүлтүксүз иштоо мөөнотү аяктаганга чейин өргүү берүүдө негизги акы төлөнүүчү өргүүнүн узактыгынын бир айлык ченеми 12 айга бөлүнөт.

Мисалы: 2020-жылдын 1-ноябрында жумушка кабыл алынган башталгыч класстын мугалими 2021-жылдын 1-июнунда эмгек өргүүсүнө чыгат, анын негизги акы төлөнүүчү өргүүсүнүн узактыгы 7 ай иштеген мезгили үчүн (2020-жылдын 1-ноябрынан тартып 2021-жылдын 1-июнуна чейин) 33 күндү түзүп төмөндөгүдөй эсептелет:

мугалимдин өргүүсүнүн узактыгы 56 календардык күндү түзгондүгүно жараша, ага ар бир ай үчүн 56 күн / 12 ай = 4,67 күн эсептелүүго тийиш.

4,67 күн x 7 ай=32,69 күн=33 күн (тегеректөөнү эсепке алуу менен).

**6. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттарынын тарбиячыларынын, мектептен тышкаркы, баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын жана башка кызматкерлеринин эмгек акысын аныктоонун тартиби**

29. Эмгек акынын ставкасы томонкүдой белгиленет:

- мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары үчүн жумасына 36 сааттык иши үчүн;
- бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернатгарынын жана балдар үйлөрүнүн тарбиячылары үчүн жумасына 30 сааттык иши үчүч;
- мектептен тышкаркы билим берүү уюмдарынын ийримдсринин окутуучулары үчүн жумасына 20 сааттык иши үчүн;
- орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучусу үчүн жылына 720 сааттык иши үчүн.

Эгерде педагогикалык кызматкердин жумалык (жылдык) жүктөмү ушул пункттун жогоруда керсөтүлгөн абзацтарында аныкталгандан коп же аз болсо, анда эмгек акы тиешелүү түрдө көбөйөт же азаят.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын максималдуу жүктөмү жумасына 54 сааттан, балдар үйлөрүнүн жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттардын тарбиячылары үчүн - жумасына 45 сааттан, мектептен тышкаркы билим берүү уюмдарынын ийримдеринин жетекчилери үчүн -жумасына 30 сааттан, орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучулары үчүн - жылына 1080 сааттан ашпоого тийиш.

1- мисал:

Талас районунун "Алтын балалык" мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы М.Т. Сатыбалдиева, жогорку билимдүү, магистр квалификациясы ыйгарылган, жумасына 54 саатколөмүндөгү жүктөмү жана 18 жылдык педагогикалык иш стажы бар.

Бул тарбиячынып бир айлык эмгек акысы томонкүдой болот:

Тарбиячы М.Т. Сатыбалдиеванын эселео коэффициенти 3,437, тиешелүү түрдө анын ставкасы (36 саат үчүн):

3,437 * 7040 сом = 24 196 сомду түзөт.

(24 196 сом * 54 саат : 36 саат) +24 196 сом * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы) = 36 294 сом + 7259 сом = 43 553 сом.

2- мисал:

"Балажан" республикалык окуу-методикалык борборундагы ийримдин окутуучусу Д. Лескова, жогорку билимдүү, адис квалификациясы ыйгарылган, жумасына 22 саат колөмүндөгү жүктөмү жана 7 жылдык педагогикалык иш стажы бар.

Бул окутуучунун бир айлык эмгек акысы төмөнкүдой болот:

Окутуучу Д. Асекованын эселоө коэффициенти 2,992, тиешелүү түрдө анын ставкасы (20 саат үчүн):

2,992 * 7040 сом = 21 064 сомду түзөт.

(21 064 сом * 22 саат : 20 саат) - 21 064 сом * 20 саат: 20 саат * 10 % (педстаж үчүн кошумча акы) = 23 170 сом + 2106 сом = 25 276 сом.

3- мисал:

Ош айыл чарба колледжинин окутуучусу А.А. Ташиев, жогорку билимдүү, магистр квалификациясы ыйгарылган, жылына 648 саат көлөмүндөгү жүктөмү жана 22 жылдык педагогикалык иш стажы бар.

Бул окутуучунун бир айлык эмгек акысы томөнкүдөй болот:

Окутуучу А.А. Ташиевдин эселөө коэффициенти 1,995, тиешелүү түрдө анын ставкасы (жылына 720 саат үчүн): 1,995 * 7040 сом = 14 045 сомду түзөт.

(14 045 сом * 648 саат: 720 саат) + 14 045 сом * 648 саат: 720 саат * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы) - 12 641 сом + 3792 сом = 16 433 сом.

4-мисал.

Сузак районунун С.К. Абдразаков атындагы мектеп-интернатынын тарбиячысы А.А. Калыкова, жогорку билимдүү, адис квалификациясы ыйгарылган, жумасына 36 саат коломүндогү жүктомү жана 2 жылдык педагогикалык иш стажы бар.

Бул тарбиячынын бир айлык эмгек акысы томонкүдой болот:

А.А. Калыкованын эселөө коэффициенти 2,449, тиешелүү түрдө анын ставкасы (жумасына 30 саат үчүн):

2,449 * 7040 сом = 12 241 сомду түзөт.

(12 241 сом * 36 саат : 30 саат) = 14 689 сом (педстаж үчүн кошумча акы жок).

30. Тарифтик ставка (маяна) төмөндөгүлөргө белгиленет:

- баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын өндүрүштүк окутуу устаттарына - жумасына 40 сааттык иши үчүн;

- жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын окуу жылындагы улук окутуучуларына (окумуштуулук даражасы жок) жана окутуучуларына (ассистенттерине) - 850 сааттык окутуу иши үчүн; улук окутуучуларына (окумуштуулук даражасы бар) жана доценттерге - 800 сааттык окутуу иши үчүн; профессорлоруна -750 сааттык окутуу иши үчүн.

Педагогдордун сабак берүү (окутуучу) жүктому окуу планына ылайык сааттардын санына, педагогикалык кадрлар менен камсыздалышына жана бул окуу жайындагы башка шарттарга жараша бөлүштүрүлөт.

Билим берүү уюмдарын жана программаларын лицензиялоо жана аккредитациялоо боюнча ишке тартылган эксперттин эмгегине акы төлоөнүн өлчөмү жалпы билим берүү уюмдарынын (мектептердин жана бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттардын) 5-11-класстарынын мугалимдеринин жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын эмгек акысынын децгээлинде белгиленет.

1-мисал.

Москва районунун Беловодск айылыидагы № 28 кесиптик лицейинин ондүрүштүк окутуу устаты А.С. Муратов, жогорку билимдүү, бакалавр квалификациясы ыйгарылган жана 14 жылдык педагогикалык иш стажы жана жумасына 48 саат көлөмүндөгү жүктөмү бар.

Бул өндүруштүк окутуу устатынын бир айлык эмгек акысы төмөнкүдой болот:

А.С. Муратовдун эселоо коэффициенти 2,394, тиешелүү түрдө анын тарифтик ставкасы (маянасы) (жумасына 40 саат үчүн):

2,394 * 7040 сом = 16854 сомду түзөт.

(16854 сом * 48 саат : 40 саат) - 16854 сом * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы) = 20225 сом + 5056 сом = 25281 сом. 2-мисал.

Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин профессору Н.Н. Эшматова, философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасы бар, философия кафедрасынын башчысы, 25 жылдык педагогикалык иш стажы жана бийик тоолуу жана алыскы шарттарда 11 жылдык иш стажы жана жылына 750 саат көломүндөгү жүктөмү бар (1 ставка).

Н.Н. Эшматованын бир айлык эмгек акысы төмөнкүдөй болот:

Н.Н. Эшматованын эселоо коэффициенти 2,046, тиешелүү түрдө анын тарифтик ставкасы (маянасы) (жылына 750 саат үчүн):

2,046 * 7040 сом = 14404 сомду түзөт.

(14404 сом (кызматгык маяна) + (14404 сом * 30 % (педстаж үчүн кошумча акы) + 14404 сом * 10 % (бийик тоолуу жана алыскы шарттарда иштелгендиги үчүн кошумча акы) + 1800 сом (илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн))* 1,5 (райондук коэффициент) = (14404 сом + 4321 сом + 1440 сом + 1800)*1,5 = 21965 сом *1,5 = 32948 сом.

Билим берүү системасынын педагогикалык
жана айрым категориялардагы
кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө

жобого

1-тиркеме

20_- 20_-окуу жылы үчүн жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерлеринин тарифтик тизмеси

Жалпы билим берүүчү уюмдун аталышы________________________________________________________________

Жайгашкан жери____________________________________________________________________________

<table>
<tr><th rowspan="2">к/н</th><th rowspan="2">Аты жөнү.</th><th rowspan="2">Окутулуучу сабак</th><th rowspan="2">Билими</th><th rowspan="2">Педогогикалык иш стажы, жыл</th><th rowspan="2">Эселөө коэффициенти</th><th rowspan="2">Айлык ставка</th><th rowspan="2">Жогорулатууну эске алуу менен айлык ставка</th><th colspan="4">Жумадагы сааттардын саны</th><th colspan="4">Педагогикалык иш үчүн эмгек акы (сом))</th><th rowspan="2">Жалпы педагогикалык иш үчүн бир айлык эмгек акы, (сом</th><th colspan="8">Төмөнкүлөр үчүн кошумча акы (сом)</th><th rowspan="2">Бийик тоолу жана алыскы зоналардагы иш стажы үчү</th><th rowspan="2">Бирайдагы бардык эм</th><th rowspan="2">Райондук коэффициент, %</th><th rowspan="2">Бийик тоолуу жана алыскы зоналарда иштегендиги үчүн кошумча</th></tr>
<tr><th>1-4 класстар</th><th>5-9 класстар</th><th>10-11 класстар</th><th>Бардыгы</th><th>1-4 класстар</th><th>5-9 класстар</th><th>10-11 класстар</th><th>Бардыгы</th><th>Класс жетекчилик</th><th>Дептер текшерүү</th><th>Педагогикалык иш стажы</th><th>Класстан тышкары дене тарбия иштер</th><th>Наам, статус</th><th>китепкана</th><th>Айыл жеринде иштөө</th><th></th></tr>
</table>

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | | | | ) | | | | ине жетекчилик кылуу, ийримге жетекчилик кылуу | | | | | н маянасына жана ставкасына үстөк акы | гекакысы, сом | | акы коефициентин эске алуу менен бардык эмгек акысы, сом |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | б | 7 | | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Билим берүү системасынын
педагогикалык жана айрым
категориялардагы кызматкерлерине

эмгек акы төлөө жөнүндө жобого

2-тиркеме

20_- 20_-окуу жылы үчүн билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерлеринин

тарифтик тизмеси

Уюмдун аталышы________________________________________________________________________________

Жайгашкан жери________________________________________________________________________________

| Аты-женү | Окутуулуучу сабак | Билими | Педагогикалык иш стажы, жыл | Эселөө коэффициента | Ставканын, кызматтык маянанын өлчөмү | Жумадагы, окуу жылыпдагы педагогикалык саатгардын саны | Педагогикалык иш үчүн эмгек акы, сом | Айыл жеринде иштегендиги үчүн кошумча акы, сом | Бийик тоолуу жана алыскы зоналардагы иш стажы үчүн үстек акы, сом | Башкалар (наам, статус үчүн), сом | Педагогикалык стаж үчүн кошумча акы, сом | Бардыгы: бир айдагы эмгек акы, сом | Райондук коэффициент, сом | Жыйынтыгы: бир айдагы эмгек акы, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |

Билим берүү системасынын

педагогикалык жана айрым

категориялардагы кызматкерлерине эмгек

акы төлөө жөнүндө жобого

3-тиркеме

Иш убактысы билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин педагогикалык иш стажына кошула турган билим беруу жана башка уюмдардын, мекемелердин жана кызмат орундардын

ТИЗМЕСИ

| Билим беруу уюмдары | Кызмат орундар |
|---|---|
| Бардык типтеги жана аталыштагы жалпы билим берүүчү мсктсптср жана мектеп-интернапар, мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комбинаттар | Мугалим, педагог, мугалим-дефектолог, мугалим-логопед, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштер боюнча уюштуруучу, ийримдин же секциянын жетекчиси, секциянын жетекчиси, психолог, музыкалык жетекчи, тарбиячы, дене тарбия боюнча инструктор, окуу онөрканаларынын устаты, директор жана анын орун басары (администрациялык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруучу, окуу (окуу-тарбия) бөлумүнүн, практиканын башчысы, улук тарбиячы, сурдопедагог, сурдокотормочу, дарылоо дене тарбиясы боюнча инструктор, класстан тышкаркы дене тарбия боюнча инструктор, социалдык педагог |
| Музыкалык жана көркөм сүрөт мектептери жана мектеп-интернаттар | Мугалим, педагог, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштер боюнча уюштуруучу, ийримдин же секциянын жетекчиси, психолог, музыкалык жетекчи, тарбиячы, улук тарбиячы, дене тарбия боюнча инструктор, директор жана анын орун басары (администрациялык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), окуу (окуу-тарбия) бөлүмүнүн, практиканын башчысы, концертмейстер, аккомпаниатор, иллюстратор |
| Логопеддик пункттар | Логопеддик пункттун башчысы, мугалим-логопед |

| | |
|---|---|
| Балдар үйлөрү, үй-бүлөлүк типтеги балдар үйлөрү, тарбиялоо-эмгек колониялары, балдарды кабыл алуу пункттары, жашы жете электер үчүн кабыл алып-бөлүштүргүчтөр, мектеп-колониялар (аталышына карабастан), илимий медициналык-педагогикалык консультациялар | Мугалим, педагог, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштер боюнча уюштуруучу, ийримдин же секциянын жетекчиси, психолог, музыкалык жетекчи, тарбиячы (атасы, энеси), улук тарбиячы, дене тарбия боюнча инструктор, дарылоо дене тарбиясы боюнча инструктор, класстан тышкаркы дене тарбия боюнча инструктор, окуу өнөрканаларынын устаты, режим боюнча улук нөөмөтчү, режим боюнча нөөмөтчү, директор жана анын орун басары (административдык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), окуу (окуу-тарбиялоо) бөлүмүнүн, практиканын башчысы, мугалим-логопед, сурдопедагог, социалдык педагог |
| Бардык типтеги жана аталыштагы балдардын билим берүү уюмдары | Директор, тарбиячы, окутуучу, музыкалык жетекчи, музыкалык кызматкер, мугалим-логопед, сурдопедагог, психолог, директор, сурдокотормочу |
| Мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары | Ийримдин же секциянын жетекчиси, аккомпаниатор, концертмейстер, директор жана анын орун басары (административдык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), методист, маданий уюштуруучу, бөлүм башчы |
| Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдары | Окутуучу, педагог, ийримдин же секциянын жетекчиси, психолог, музыкалык жетекчи, тарбиячы, дене тарбия боюнча инструктор, методист, өндүрүштүк окутуунун, окуу өнөрканаларынын устаты, сурдопедагог, сурдокотормочу, улук устат, баштапкы аскердик даярдык жана дене тарбия боюнча жетекчи, спорт боюнча машыктыруучу-окутуучу, директор жана анын орун басары (административдык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), окуу (окуу-тарбия) бөлүмүнүн, практиканын башчысы |
| Орто кесиптик билим берүү уюмдары | Окутуучу, тарбиячы, концертмейстер, аккомпаниатор, иллюстратор, бөлүм башчы, дене тарбиянын жетекчиси, психолог, методист, директор жана анын орун басары (административдык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан тышкары), окуу (окуу-тарбия) бөлүмүнүн, практиканын башчысы, өндүрүштүк окутуу устаты |

| | |
|---|---|
| Жогорку кесиптик билим берүү уюмдары | Профессордук-окутуучулук курам (ассистент, окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессор), концертмейстер, аккомпаниатор, иллюстратор, ректор, проректор (финансы-чарбалык иштер жана маркетинг боюнча проректордон тышкары), окуу (окуу-тарбия) бөлүмүнүн башчысы, практиканын жетекчиси, методист |
| Кадрларды өркүндөтүү, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу институттары, Кыргыз билим берүү академиясы, окуу-методикалык кабинеттер | Профессордук-окутуучулук курам, директор (президент) жана анын орун басары (вице-президент) (администрациялык-чарбалык бөлүк боюнча орун басардан (вице-президенттен) тышкары). Педагогдук иш жүргүзгөн методист, окуу-методикалык кабинетинин башчысы, илимий кызматкер, окуу бөлүмүнүн, кабинеттин, лабораториянын башчысы |
| Саламаттык сактоо жана социалдык камсыздоо мскемелери: балдар үйлөрү, балдар санаторийлери | Мугалим, педагог, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштер боюнча уюштуруучу, ийримдин же секциянын жетекчиси, психолог, музыкалык жетекчи, улук тарбиячы, тарбиячы, дене тарбия боюнча инструктор, дарылоо дене тарбиясы боюнча инструктор, класстан тышкаркы дене тарбия боюнча инструктор |

22-тиркеме

"2-тиркемс

**Бюджеттик каржылоодогу мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда окуу сабакгарын откөрүүгө тартылган кызмагкерлерге саатына эмгек ак толоонүн**

**СТАВКАЛАРЫ**

**(сом менен)**

| № | Окугандардын контингенти | Саатына эмгек акы төлөонүн ставкалары, сом менен | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Профессор, илимдин доктору | Доцент, илимдин кандидаты | Окумуштуу даражасы жок адамдар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жалпы билим берүүчү баштаикы жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окугандар; окугандардын ушундай эле башка категориялары; орто кесиптик билимди талап кылган кызмат орундарын ээлеген жумушчулар, кызматксрлер, курстардын угуучулары | 164 | 117 | 83 |
| 2. | Студенттер | 200 | 164 | 94 |
| 3. | Аспиранттар, жетектөечү кызматкерлердин жана адистердин квалификациясын жогорулатуу боюнча окуу жайлардын угуучулары | 247 | 200 | 117 |
| 4. | Мамлекеттик заказдын алкагында окутулуучу мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар | 350 | 350 | 300 |
| 5. | Кыргыз Республикасынын судьялары жана сот системасыиын кызматкерлери | 350 | 350 | 300 |

23-тиркемс "

12-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Борбордоштурулган бухгалтериянын кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундардын аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселоо коэффициенти, бир айга |
|---|---|---|
| 1. | Болүмдүн начальниги | 2,826 |
| 2. | Болүмдүи начальнигинин орун басары | 2,593 |
| 3. | Башкы адис | 2,294 |
| 4. | Жетектоөчү адис | 2,194 |
| 5. | Адис | 1,928 |

24-тиркеме '

14-тиркеме

**Баштапкы кесиптик билим берүүнүн республикалык илимий-методикалык борборунун кызматкерлеринин тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти**

| № | Кызмат орундардын аталышы | Тарифтик ставкага (маянага) эселөө коэффициента, бир айга |
|---|---|---|
| 1. | Директор | 3,989 |
| 2. | Директордун орун басары | 3,324 |
| 3. | Башкы бухгалтер | 2,593 |
| 4. | Башкы адис | 2,261 |
| 5. | Жетектөөчү адис | 2,161 |
| 6. | Адис | 1,829 |
| 7. | Методист | 2,128 |
| 8. | Китепкана башчысы | 1,995 |
| 9. | Чарба башчысы | 1,729 |
| 10. | Кассир | 1,829 |